# Аллах Өзүнүн өкүмдөрү так аткарылышын жакшы көргөндөй эле, Өзү берген уруксаттардын аткарылышын жакшы көрөт

Ибн Аббас, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Аллах Өзүнүн өкүмдөрү так аткарылышын жакшы көргөндөй эле, Өзү берген уруксаттардын аткарылышын жакшы көрөт».
[Сахих (ишенимдүү)] [Ибн Хаббан жазып калтырган]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп кабарлайт: Адамдардын үзүрлүү болгондугунун себебинен аларга жеңилдетүү үчүн Аллах койгон өкүмдөрдөгү жана ибадаттардагы уруксаттарынын аткарылышын жакшы көрөт. Мисалы, сапарда намаздарды кыскартып жана бириктирип окулган уруксаттарын аткарылышын жакшы көрөт. Ошондой эле Аллах парз жана важиб өкүмдөрүнүн так аткарылышын жакшы көрөт. Анткени уруксаттардагы жана милдет өкүмдөрдөгү буйруктары бир.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee